**БЕКИТЕМ**
**С. Нааматов атындагы**
**Нарын мамлекеттик университетинин**
**илимий иштер боюнча проректору**
**Жантаев А.С.**

« » февраль 2023-ж.

**Жетектөөчү мекеменин изденүүчү Сулайманова Рахат Токтогуловнанын “Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы” аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши жөнүндө жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу** жаңы кылымдын келиши менен орун алган ааламдашуу процессиндеги технологиялалык чакырыктардын күч алышы менен жаралган адам ресурсуна болгон муктаждык, жашоо-турмуштун улам жаңы баскычка көтөрүлүшүнөн келип чыккан дүйнөдө жүрүп жаткан атаандаштык, билимдин мазмунун өздөштүрүүнү биринчи орунга койгон билимдик мамиледен, өздөштүргөн билимди жашоо-тиричиликте колдоууга басым жасаган компетенттүүлүк парадигмага багытталышы азыркы коомдун келечектин ээлерин даярдаган мугалимдин өз ишине болгон жоопперчилигин күчөтүп, анын кесипкөйлүгүнө, иш билгилигине, ар түрдүү кырдаалдардан чыгармачылык менен чыга алган креативдүүлүгүнө көз каранды болуп турат. Мындай шартта аталган талаптарга жооп бере ала турган заманбап мугалимдерди даярдоо процессине педагогикалык кесипке даярдаган окуу жайларга, кесипти жогорулатуу борборлоруна башкы милдет жүктөлөт. Мунун өзү педагогикалык билим берүүнүн илимий-теориялык негиздерин



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 1 «16» 02 2023 ж/г

Окум. катчы:

аныктоо, анын ичинде Кыргызстанда аталган маселенин изилдениши, мугалимдикке даярдоонун практикасы, аны жаңылантуу жолдору, жаңы муундун мугалимин даярдоонун моделин жана аны ишке ашыруунун шарттарын иштеп чыгуу – учурдагы эң актуалдуу маселелерден экендигин далилдейт.

Изеднүүчү Сулайманова Р.Т тарабынан жазылган диссертациялык иш жогоруда белгиленген илимий-практикалык маселелерди чечүүгө багытталган жана ошонусу менен актуалдуу.

Андыктан **изилдөөнүн предмети**: Кыргызстанда жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун илимий-теориялык жана практикалык негиздери деп белгилениши бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири экендигин билдирет.

**2. Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстанда жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун теориялык негиздерин, практикалык жолдорун жана өркүндөтүү багыттарын аныктоо болуп, ага ылайык беш милдет аныкталган.

Диссертациялык иш төрт главадан туруп, алардын **биринчиси** педагогикалык кесип түшүнүгүнүн азыркы коомдогу маңызы мүнөздөлүп, жаңы муундагы мугалимди даярдоо зарылчылыгын чагылдырган илимий-теориялык көз караштарды талдоонун негизинде **жаңы муундагы мугалим** түшүнүгүнү аныктамасы берилип, жогорку окуу жайларда педагогикалык билим берүүнү жаңылантуу маселелери, Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин изилдениши ачыкталган. **Экинчи глава** илимий изилдөөнүн методологиясы, материалдары жана методдорун ачып көрсөтүү менен учурдагы абалга ылайык жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун моделин түзүү жана педагогикалык шарттарын аныктоо жолдорун көрсөтүүгө арналган. **Үчүнчү главада** Кыргызстандагы педагогикалык кадрларды даярдоонун калыптанышы, эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүшү, даярдоонун бүгүнкү күндөгү абалы, педагогикалык билим берүүнүн укуктук-ченемдик камсыздалышы, анын мазмунун аныктоочу

документтерге талдоо жүргүзүүнүн негизинде жаңы муундагы мугалимди даярдоонун илимий, укуктук өбөлгөлөрү жана практикалык абалы ачыкталан. **Төртүнчү глава** жаны муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун теориялык моделин, педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун аныктоо боюнча эксперименттик иштерди уюштуруу, адалрдын натыйжалуулугун текшерүүгө арналып, практикага киргизүү боюнча сунуштар иштеп чыгууга арналган.

**3. Диссертациялык иштин илимий натыйжаларынын жаңычылдыгы жана далилдүүлүгү:** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектисине, предметине, максатына жана милдеттерине ылайык ар кандай деңгээлдеги илимий жыйынтыктар жана натыйжалар алынган жана алар төмөнкүчө мүнөздөлөт:

**Биринчи натыйжа:** заманбап педагогика илиминдеги жаңы багыт жана жаңы түшүнүк болуп эсептелген **"жаңы муундагы мугалим"** түшүнүгүн Кыргыз Республикасынын илим мейкиндигинде биринчи жолу коюлуп, педагогикалык кесип түшүнүгүнүн азыркы коомдогу маңызы ачыкталып, жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо зарылчылыгы далилденип, «жаңы муундун мугалими» түшүнүгүнүн аныктамасы берилип, ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоонун, аны жаңылантуунун теориялык негиздери, кыргызстандык окумуштуулардын салымы аныктаган. Биринчи натыйжа теориялык жактан негиздүү болуу менен аталган маселеге арналган изилдөөлөрдүн чегинде **жаңы деп эсептөөгө толук негиз бар,** анткени бүгүнкү күндөгү илимий маалыматтарга таянуу менен заманбап педагогикалык кадрларды даярдоонун багыттары ынанымдуу далилденген.

**Экинчи натыйжа:** изилдөөнүн объектисине, предметине ылайык методологиялык негиздерин жана методдорун ачып көрсөтүү менен аныктоочу эксперимент аркылуу Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун абалы аныкталып, жаңы муундагы мугалимди даярдоонун теориялык модели түзүлүп, педагогикалык шарттары иштелип чыккан. Бул

натыйжаны **жаңы деп кабыл алууга негиз бар**, себеби, жаңы муундагы мугалимди калыптандыруунун автор тарабынан иштелип чыккан педагогикалык шарттары, критерийлери, деңгээлдери изилдөөнүн максатына, милдеттерине дал келүү менен ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоо жана мугалимдик чеберчиликти жогорулатуу иштерин мындан ары өркүндөтүүгө кошкон орчундуу илимий салым десе болот.

**Үчүнчү натыйжа:** изилдөөдө Кыргызстандын эгемендүүлүк алган мезгилиндеги педагогикалык кадрларды даярдоонун практикалык тажрыйбасынын калыптанышы, өнүгүшү, бүгүнкү күндөгү абалы талдоого алынып, аларды жакшыртуунун жолдору аныкталгандыгы, изилдөөнүн практикалык жактан камсыздалышынын орчундуу үлгүсүнүн бири катары катары Кыргызстандын педагогикалык билим берүү системасындагы түрдүү көйгөйлөрдү, педагогикалык жаңылыктарды, алдыңкы тажрыйбаларды, маселелерди жана алардын чечүү жолдорун талкуулоонун, педагог окумуштуулардын, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин талкуулоонун ачык аянтчасы катары педагогикалык жаңы табылга катары көрсөтүлгөн "Педагогикалык ой ордо" аттуу окумуштуу педагогдордун жана алдыңкы новатор, тажрыйбалуу мугалимдердин катышуусу менен уюштурулуп жаткан иш-чара катары алып чыккандыгы менен **жаңы деп баалоого негиз болот.**

**Төртүнчү натыйжа жаңы,** себеби педагогикалык билим берүүнүн укуктук-ченемдик жактан камсыздалышы биринчи жолу илимий талдоого алынып, билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтерди талдоонун негизинде жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоону өркүндөтүүнүн негизги багыттары көрсөтүлгөн. Ченемдик-укуктук документтерге талдоо жүргүзүү менен жогорку педагогикалык билим берүүгө байланыштуу кабыл алууну талап кылган бир катар документтер бөлүп көрсөтүлгөн. Мамлекеттик билим берүү стандарттары жана негизги билим берүү программаларына жүргүзүлгөн

талдоолордун жыйынтыктары боюнча жаңыча, компетенттүүлүк мамилени жүзөгө ашыруунун негизинде сунуштар иштелип чыккан.

**Бешинчи натыйжа жаңы,** себеби изилдөөдө жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо максатында иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперименталдык иштер аркылуу текшерилип, практикага киргизилип жана жалпы эле бул процесске катыштыгы бар КР Өкмөтүнө, Билим берүү жана илим министрлигине, ЖОЖдорго, КББАга, РКЖККДИ, облустук, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына карата практикалык кеңештер сунушталган.

**4. Илимий иштин жаңылыгын жана теориялык маанисин** төмөнкүчө баалоого болот:

- иштин теориялык жаңылыгы алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен педагогикалык кесип түшүнүгүнүн азыркы коомдогу маңызы, жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо зарылчылыгы ачыкталып, «жаңы муундун мугалими» түшүнүгүнүн аныктамасы иштелип чыгып, азыркы ЖОЖдордо педагогикалык кадрларды даярдоону жаңылантуунун илимий-практикалык негиздери талданып, бул маселеге карата кыргызстандык окумуштуулардын салымы ачып көрсөтүлгөн. Илимий иш теориялык шилтемелерге бай, алар изилдөөнүн предметин жана изилденип жаткан проблеманын актуалдуулугун далилдеп турат.

- изилдөөдө жаңы муундагы мугалимди даярдоонун теориялык модели сунушталып, педагогикалык шарттары иштелип чыккандыгы изилдөөчүнүн каралып жаткан проблеманы чечүүгө кошкон салымы десе болот.

**5. Илимий иштин практикалык баалуулугу**:

- алынган жыйынтыктар Кыргыз Республикасында жаңы муундагы педагогдорду даярдоонун стратегиясын иштеп чыгууда, илимий-теориялык

негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот;

- аныкталган теориялык модель, педагогикалык шарттар жаңы муундун мугалимин даярдоону жакшыртууга мүмкүндүк берет;

- изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык багыттагы адистерди, бакалаврларды, магистрлерди, аспирантурада илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун теориялык жана практикалык мазмунун, нормативдик базасын байытууга мүмкүндүк түзө алат;

- изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды Кыргыз Республикасында жаңы муундагы педагогдорду даярдоо максатында мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууга болот.

**6. Алынган натыйжалардын, илимий жоболордун далилдүүлүгү:**

Алынган натыйжаларды жана жоболорду илимий-теориялык жактан далилдүү жана практикалык жактан пайдалуу деп кабыл алууга негиз бар. Анткени изилдөөнүн коргоого коюулуучу жоболордо диссертант жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун зарылчылыгын көрсөтүү менен педагогикалык кесиптин азыркы коомдогу маңызын, “жаңы муундун мугалими”, “педагогикалык кадрларды даярдоо” түшүнүктөрүн тактап, ЖОЖдордо педагогикалык билим берүү, аны жаңылантуу маселесинин педагогикалык илимде чагылдырылышын, белгиленген проблеманы чечүүдөгү Кыргыз Республикасынын окумуштууларынын салымын аныктайт. Мунун натыйжасында жоболордо иш жаңы муундагы мугалимди даярдоонун заман талабына жооп бере турган теориялык моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу менен коштолуп, жаңы муундагы мугалимди даярдоонун практикада колдонулуп жаткан укуктук-ченемдик жана мазмунду аныктоочу документтердин реалдуулугуна жараша өркүндөтүү багыттарын аныктоого арналгандыгы белгиленет. Жаңы муундагы мугалимди даярдоодо илимий жетишкендиктерге таянуу менен атайын иштелип чыккан теориялык моделдин жана

педагогикалык шарттардын эксперименталдык иштер аркылуу тастыкталып, алардын эффективдүүлүгүн чагылдырган критерийлерге жана көрсөткүчтөргө дал келүүсүнө негизделген практикалык кеңештер сунушталат. Жогоруда белгиленгендер изденүүчү Сулайманова Рахат Токтогуловна тарабынан коргоого коюлуп жаткан жоболордо ынанымдуу чагылдырылган жана алар жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоодо пайдалуу илимий-практикалык каражат боло алат.

**7. Диссертациялык иштин автореферары** изилдөөнүн илимий аппаратын, теориялык негиздерин, изилдөө методдорун жана материалдарын, жалпы мазмунун жана структурасын, эксперименталдык иштердин жүрүшүн жана натыйжаларын чагылдырып турат. Авторефертта кыргыз, орус, англис тилиндеги резюме берилген.

**8. Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүү деңгээли**. Изилдөөнүн натыйжасында жалпы 61 илимий макала, анын ичинен түздөн-түз илимий изилдөөгө тиешелүү 48 макала, 3 окуу куралы (авторлош); 5 окуу-методикалык жана методикалык колдонмо, 2 типтүү программа, 1 күндөлүк (автор жана авторлош) жарык көргөн. Алардын көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп бере турган жана чет элдик басылмаларда жарык көрүү менен диссертациялык иштин мазмунуна ылайык келип, изденүүчүнүн теориялык жана практикалык иштеринин натыйжасын чагылдырып турат.

**9. Жогоруда белгиленген илимий жетишкендиктер менен катар** каралып жаткан диссертациялык иш төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Изденүүчү педагогикалык кадрларды даярдоону жаңылантуу процессинин укуктук-ченемдик камсыздалышын талдоо аркылуу Кыргызстандын педагогикалык билим берүү системасын өнүктүрүүгө байланыштуу: “Кыргызстандын педагогикалык кадрлары” программасы, “Кыргызстандын педагогикалык билим берүү системасын өнүктүрүү программасы”,

“Педагогикалык билим берүүнү модернизациялоо программасы”, “Педагогикалык билим берүүнү өнүктүрүүнү колдоо концепциясы” (189-б.) сыяктуу бир катар документтерди кабыл алуунун зарылдыгын бөлүп көрсөткөн. Мына ушул атап көрсөтүлгөн документтердин болжолдуу долбоорун иштеп чыгуу менен сунуштаса иштин маанилүүлүгү мындан да артмак деген ойдобуз.

2. “Педагогикалык билим берүүнүн укуктук-ченемдик камсыздалышын, анын мазмунун аныктоочу документтерди талдоо аркылуу жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоону өркүндөтүүнүн жаңы багыттарын аныктоо” деп белгиленген изилдөө ишинин 4-милдетин ачыктоодо диссертант билим берүүнүн мазмунун аныктаган негизги билим берүү программаларына кеңирирээк токтолсо, иштин мазмундуулугу тереңдемек.

3. Практикалык сунуштардагы ЖОЖ, КББА, РКЖККДИ, облустук ББИ, РайБББ, ШБББ, жергиликтүү ӨӨБО (288-б.) сыяктуу кыскартылган түшүнүктөрдүн чечмелениши “Кыскартылган түшүнүктөргө” киргизилиши керек эле.

Бирок, белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий баалуулугун түшүрбөйт, анын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир этпейт. Сулайманова Рахат Токтогуловнанын “Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы” деген аталыштагы докторлук диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

**10. Корутунду.**

Сулайманова Рахат Токтогуловна тарабынан аткарылган “Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы” аттуу диссертациялык иш КРнын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун” диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарынын 9 пунктуна ылайык келген, өз алдынча аткарылган илимий-практикалык мааниси жогору изилдөө иши катары бааланат. Ал эми

изденүүчү Сулайманова Рахат Токтогуловна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илиминин доктору даражасын алууга татыктуу деп эсептөөгө болот.

Расмий пикир С. Нааматов атындагы НМУнун **педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын** жыйынында талкууланып, кабыл алынды.

«14» февраль 2023-жыл, протокол № 6

**С. Нааматов атындагы НМУнун**
**Педагогика, тарых жана окутуунун**
**технологиясы кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доценттин м.а.** **Ш.К. Султаналиева**

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю 14.02.2023
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.